УДК 378.147: 808.1

# ИЗУЧЕНИЕ АВТОБИОГРАФИИ И ПРОИЗВЕДЕНИЙ К. ТЫНЫСТАНОВА ИНТЕРАКТИВНЫМИ МЕТОДАМИ

***З.С. Кудайбергенова, Э.Ж. Керимбекова***

Расскрывается автобиография и творчество К. Тыныстанова, вся научно-педагогическая деятельность которого была посвящена кыргызской лингвистике.

*Ключевые слова:* течение; современные методы; языкознание; творчество; поэт; национальный.

# STUDYING OF THE AUTOBIOGRAPHY AND WORKS K. TYNYSTANOV BY INTERACTIVE METHODS

***Z.S. Kudajbergenova, E.J. Kerimbekova***

The article investigates the autobiography and K. Tynystanov's creativity, which all scientific and pedagogical activity has been devoted to the Kyrgyz linguistics.

*Keywords:* current; modern methods; linguistics; creativity; poet; national.

К. Тыныстанов тууралуу сөз болгондо, көпчүлүк учурда кыргыз эл агартуусуна, тил илимине байланыштуу “Эне тилибиз”, “Окуу китеби”, “Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы” сыяктуу илимий-методикалык эмгектер көз алдыга элестейт. Ал эми Касымдын “Таң”, “Бүгинги күн”, “Алачка”, “Жастарга”, “Аруак”, “Ала-Тоо”, “Кыз карындастарыма” аттуу ырлары, “Мариям менен көл боюнда” аңгемеси, “Капитализм мезгили”, “Көз көргөндөр”, “Академия кечелери” сыяктуу драмалык чыгармалары бардык эле окурмандарга жеткиликтүү эмес десек жаңылышпайбыз.

Ал эми азыркы учурда илимдин кайсы гана тармагы болбосун жаңы технологиярды, заманбап көз караштарды пайдаланууну талап кылып олтурат. Дүйнөлүк процесстеги мына ушул жандуу кыймылда ошол планетардык агымдан окчун калбоого аракет кылган элибиздин улуттук илимпоздору да ар кимиси өз көрөңгөсүнө жараша кыргыз илимин жаратууга аракет кылып жатат. Азыр эми индустриалдык деген коом арт жакта калып, адамзат постиндустриалык информациялык коомго баш багып отурат. Мына ушул прогресстен артта калбоо үчүн аракет кылуу биз үчүн зарылдын – зарылы болуп эсептелет. Ал эми кыргыз адабиятын окутууда башталгыч мектептерден баштап жогорку окуу жайларга чейин мындай өзгөрүүлөргө, жаңылануулорга болгон муктаждык жана аларды өздөштүрүүгө, үйрөнүүгө болгон далалат республикабызда жылдан-жылга күч алгандыгы байкалат. Бирок ошого жараша жетишээрлик методикалык көрсөтмөлөрдүн аздыгы (газета-журналдык материалдар), адабияттардын жетишсиздиги, квалификацияны жогорулатуу боюнча мугалимдер үчүн уюштурулуучу иш чаралардын көлөмү бул мезгилдин талабын толук кандуу аткарууга мүмкүндүк бербей жаткансыйт. Ошондуктан кыргыз адабияты багытында республикабызда ишке ашып жаткан жаңы программалар, технологиялар боюнча атайын окутууга карата эмгектердин (теориялык, методикалык, илимий ж.б) жаралышы учурдагы кечиктирилгис маселелерден болуп саналат [2].

Биз өзүбүздүн илимий макалабызда улуу инсандын өмүрү жана чыгармачылыгын иликтөө менен бирге учурдун талабына ылайык окутуу жолдорун иштеп чыгууну алдыбызга максат кылып алдык.

Окуучуларга төмөнкү текстти сунуштоо менен алардын инсан тууралуу кеңири маалымат алуусуна жетише алабыз.

Касым Тыныстанов 1901-жылы 10-сентябрда азыркы Ысык-Көл районундагы Чырпыкты кыштагында төрөлгөн. Атасы окуганды, жазганды жакшы билгендиктен жети жашка чейин ага араб тамгасында жазганды үйрөтүүгө жетишкен. Алгачкы билимди диний мектептен алган, тактап айтканда Байсорун кыштагындагы өзбек мектебинен андан соң шаардык Караколдогу орус жергиликтүү мектебинен билим алган. 1916-жылы Элдик боштондук кыймылда эл менен кошо Кытай жерине көчүп барып, 1918-жылы Ысык Көлгө кайткан. 1919-жылы Каракол уездинин милиция начальниги болуп иштеп турган таякеси Садыбакас Ысмай-

ыловдун колдоосу менен Ташкент шаарындагы казак-кыргыз институтуна кирет. Ошол жерден анын чыгармачылыкка жана илимий иштерге болгон кызыгуусу артат.

1920–1924-жылдары казак-кыргыз тилинде чыгып турган “Өрис”, “Ак жол” гезиттеринин, “Жас кайрат”, “Санаа” журналдарынын иштерине активдүү катышып, казак тилиндеги ар кыл тематикадагы ырларды жазып, аягына “Кыт” деген псевдоним койгон.

1924-жылы “Жас кайрат” журналына “Марияп менен көл боюнда” аңгемесин “Келгин” деген псевдоним менен жарыялаган. Ошол эле жылы башталгыч класстар үчүн кыргыз тили боюнча алгачкы окуу китебин жазган жана ага тарбиялык мааниси бар чакан аңгемелерди, икая-тамсилдерди жазып киргизген. 1925-жылы казак тилинде жазылган он сегиз ырын жана “Жаңыл Мырза” поэмасын кошуп “Касым ырларынын жыйнагы” аттуу китебин Москвадан атайы китеп кылып чыгарган. 1931-жылы жазылган “Ене тилибиз” деген окуу китебине “Москванын көрүнүшү”, “Лениндин күмбөзү”, “Жумушчулардын көрүнүшү”, “Орусиянын талаасы”, “Едил суусу” деген ырлары киргизилген.

К. Тыныстановго 1932-жылы доценттик, 1936-жылы профессорлук наамы ыйгарылган. К. Тыныстановдун адабий чыгармаларына караганда тил илиминин маселелерине арналган эмгектери арбын экендигин башында айтып өттүк. Репрессияга дуушар болгон инсандардын окумуштуу агартуучуларыбыздын эмгектери, алардын ичинен К. Тыныстановдун “Алиппеси” жана башка эмгектери ага кызыл профессор атагын алып келди К.Тыныстановдун өмүрү-чыгармачылыгын изилдөөдө сөзсүз түрдө илимий-агартуучулук ишмердүүлүгүн эске алуу зарыл, себеби башка акын – жазуучуларыбыздын чыгармачылыгынан айырмаланып, ал кыргыз тили тармагында чоң эмгектерин элге арнады. Төмөнкү сабак инсандын ар тараптуу өнөрүн ачыктайт [3].

**Сабактын темасы.** К. Тыныстанов – акын, прозачы, драматург, тилчи.

**Сабактын максаты:**


- ***Билим берүүчүлүк максаты:*** К. Тыныстановдун автобиграфиясы менен тааныштыруу, чыгармаларын талдоого алуу.
- ***Өнүктүрүүчүлүк максаты:*** К.Тыныстановдун өмүрү- чыгармачылыгын өздөштүрүү менен бирге тил илимине сиңирген ишмердүүлүгүн, котрмочулук өнөрүн, акындык талантын фактылар аркылуу далилдешет.
- ***Тарбиялоочулук максаты:*** Окуучуларды бири-биринин сөзүн бөлбөөгө, маданияттуу болуп,аргументтик материалдарды колдонуп, так сүйлөөсүнө көңүл буруу. Патриоттуулукка, ынтымакка үндөө.

**Сабактын методу.** Эссе, сынчыл ойлом, суроо-жооп, кластер.

**Сабактын жабдылышы.** Окуу китептери, плакаттар.

**Сабактын жүрүшү:**

*1. Чакыруу этабы:* Суроо: К. Тыныстанов дегенде кимди элестетесиңер?



К. Тыныстановдун ишмердүүлүгүнө байланыштуу кластер

***2. Түшүнүү этабы.*** Топ-топ менен иштөө стратегиясында окуучулар 4 топко бөлүнүшөт да, биринчи топ ырларын, экинчи топ тилге байланыштуу эмгектерин, үчүнчү топ прозалык чыгармаларын, төртүнчү топ пъесаларын плакаттарга жазышат.

**3**. ***Ойлонуу этабы.*** К. Тыныстановдун ырларынан үзүндү келтирүү менен алардын темасын табуу тапшырмасы берилет.

Кайдасың кең Ысык-Көл туулган жерим!
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайкалган сен Каракол - алтын кеним! (Ысыккөл) [1, с. 260]

Эң биринчи саламым,
Сага арнап жазганым, –
Жакшы саатта күтүп ал,
Бул белегим Ала-Тоо! (Ала Тоо) [1, с. 257]

Сай-сайдан чымырканып, кулатып таш,
Омкоруп кедергени кылган талаш.
Башталып Ала-Тоодон Чүйгө карай
Күзгүдөй суусу тунук агат Талас.
Урматтуу көз жаш менен ал күмбөзгө
Коюлган өткөнкүндө баатыр Манас. (Манастын күмбөзү) [1, с. 258]

**4.** *Сабакты бышыктоо максатында төмөнкүдөй жалпылоочу суроолор берилет.*

- Көп кырдуу таланттын ишмердүүлүгү боюнча азыркы сөз болгондон башка дагы эмнелерди билесиңер?
- Инсандын “Манастын күмбөзү” ырына

Таблица 1 – К. Тыныстановдун эмгектери

| К. Тыныстановдун ырлары | К. Тыныстановдун тил боюнча эмгектери | К. Тыныстановдун прозалык чыгармалары | К. Тыныстановдун пъесалары |
|---|---|---|---|
| «Таӊ", «Бүгинги күн", «Алачка", «Жастарга", «Аруак", «Ала Тоо", «Кыз карындастарыма", «Булбулга", «Ант беребиз", «Таӊ нурунда", «Кыш", «Социалисттик талаада", «Курбума", «Трактор", «Жаӊыл Мырза" поэмасы, «Алданган сулуу", «Айрылуу", «Ырдаба сулуу, кыйнаба", «Кыш", «Эрксиз ажырашканга" | «Эне тилибиз", «Окуу китеби", «Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы", «Коомдук-экономикалык терминдер", «Кыргыз тилинин морфологиясы", «Кыргыз тилинин синтаксиси", «Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы", «Түрк тилдеринде алфавит түзүү принциптери", «Чоӊ шалаакылык" | «Мариям менен көл боюнда" аӊгемеси | «Капитализм мезгили", «Көз көргөндөр", «Академия кечелери" |

жана "Академия кечелери" пъесасына "өткөндү көксөйт", "эскини мактайт" деген жалаа коюлган, буга карата сенин оюӊ.

- Октябрь революциясынын келишин адабиятчы кандай кабылалды эле кайсырлары менен далилдей аласыӊ?
- К. Тыныстановдун чыгармачылыгынын башталышына кайсы журнал гезиттер шарт түзүп берген эле?
- Касымдын алгачкы ырлары казак тилинде жазылган, эмне себептен?
- Касым Тыныстановдун ырларынын идеялык өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, тематикаларына талдоо жүргүзгүлө.
- Инсандын тагдырын эмне себептен трагедиялуу деп айтабыз, себептерин ачып бергиле.
- К. Тыныстановдун котормочулук өнөрүн мисалдар аркылуу ачып бер.

**Үйгө тапшырма берилет.**

1. "К. Тыныстановдун татаал тагдыры" аттуу дилбаян жазгыла.

Барыбызга белгилүү болгондой, Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаӊы технологияларды киргизүү, же мурдагы технологияларды жаӊыртууга, модернизациялоого, реформалоого кылган аракеттер бул биринчи кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, умтулуулары, өсүштөрү жана өксүктөрү ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр андан бетер активдешип турган чагы. Жаӊы кылымды педагог адистер гуманисттик идеялардын глобалдуу интеграцияланыш доору, улуттук табылга-салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын гармонизацияланышуу мезгили деп аташууда. Эртеӊки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп турат да, жаӊы адис эӊ биринчи кезекте ошол адистик атаандаштыкта жеӊип чыгууга даяр болушу керек [4].

Азыркы билим берүү тармагы соӊку он-он беш жылда эле ошол конкреттүүлүккө ылайык келе турган адисти даярдоо үчүн эмнелерди гана кылбады. Айрымдарын санап көрөлү: адеп сабагы киргизилди; чет тилдер баланын эрте жашынан, айрым учурда бала бакчаларда эле окутула баштады; Занков, Давыдов-Элькониндин өнүктүрүп-өстүрүп окутуу деген системасы иштелип чыкты; Монтессори, Фрэнэнин педагогикалык системаларынын эл аралык стандарттарын алып келген улуттар жана мамлекеттер аралык окуу жайлары (кыргыз-славян, кыргыз-америка, кыргыз-түрк, кыргыз-кувейт ж.б.) пайда болду; билим берүү мекемелери жаӊы статуста көрүндү (гимназия, колледж, лицей); автордук мектептер, класстар өсүп чыкты; кошумча окуу деген система киргизилди; деӊгээлдерине карап дифференцияланган класстар көбөйдү; автордук программалар, окуулуктар жазылды; рынок талап кылган предметтер кошулду; компьютерлешкен жана интернеттешкен билим берүү ишке киргизилди; дистанттык окутуу деген чыкты, жалпы республикалык тестирлөө деген орун-очок алып калды ж.б. Мугалим сабакты чыгармачылык менен өтүү менен бирге окуучулардын өз алдынча ойлонуусуна да, жыйынтык чыгара билишине да, билимди даяр түрүндө гана албастан, биргелешкен активдүү аракеттер менен далалат кылуусуна да көӊүл буруусу зарыл. Бул азыркы педагогиканын талабынан эмеспи [3].

Сабактын бир типтүүлүгү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жоготот, окуу процессинин эффективдүүлүгүн азайтат. Традициялуу эмес методдор окуучулардын билим алууларына ыӊгайлуу, инсанды өнүктүрүүчүлүк максатын көздөйт. Алсак, Сынчыл ойлом балдарды өз оюн айтууга үйрөтөт. Сабакта окуучу менен мугалимдин ортосунда тосмо болбойт. ж.б. Бул макаладагы сабактын иштелмеси новатор- мугалимдердин, учурдагы билим берүү системасында иштеп жаткан жаӊы программа, проектилердин активдүү ка-

тышуучуларынын иш-тажырыйбаларына таянылып иштелип чыкты.

***Адабияттар***


1. *Артыкбаев К.* XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы / К. Артыкбаев. Бишкек, 2004.
2. *Анарбекова Г.* Интерактивдүү ыкмадагы эки сабак / Г. Анарбекова // Кутбилим-сабак. № 3. 2006.
3. *Тыныстанов К.* Эне тил – маданиятты көтөрүүдөгү кубаттуу рычаг: кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнүн тарыхый обзору. Кырг-АССРинин ИКАнын жыйнагында 1934-жылы басылган.
4. *Байгазиев С.* Интерактивдик окутуунун педагогикалык идеологиясы жана технологиясы / С. Байгазиев // Кутбилим. Бишкек, 2005. 10-июнь.